**Мамашарип кызы Багдагүлдүн "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери" аттуу темадагы 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунушталган диссертациясылык ишине расмий оппонент, юридика илимдеринин доктору, доцент Токтогулов Алмаз Асылбековичтин**

# ПИКИРИ

**1.Изилдөө темасынын актуалдуулугу.**

Конституциянын негиздерин туу туткан өлкөдө үй-бүлөлүк мамилелердеги көйгөйлөрдү укуктук деңгээлде чечүү коомдун талабы. Бүгүнкү күнгө чейин мамлекетибизде үй-бүлөлүк же аны менен байланышкан коомдук мамилелерди жөнгө салуучу заманбап, талапка ылайык мыйзамдар жана тиешелүү ченемдик актылар кабыл алынып келинет. Бирок, коомубуз арыла албай жаткан "кыз ала качуу", мыйзамсыз нике кыюу, көп аял алуу, алимент өндүрүү, үй-бүлөлүк мамилелерде адеп-ахлак деңгээлинин төмөндөшү ж.б.у.с. маселелер, ошондой эле азыркы ааламдашуу доорунун илеби салттуу кыргыз коомуна терс таасирин тийгизбей койгон жок. Мына ушуларды болтурбоо же алдын алуунун укуктук жол жобосун аныктап, илимий изилдөө жүргүзүүгө кызыгуу жаратат.

"Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздери" аттуу илимий изилдөө иштин алкагында көйгөлөр талданып, негиздүү сунуштарды берүүнүн үстүндө иш жүргүзүлүптүр. Ошондой эле, теманын алкагында үй-бүлө укугунун катышуучуларынын конституциялык-укуктарына маани берилип, алардын үй-бүлөдөгү милдеттери менен жоопкечиликтеринин механизмдери да каралган. Үй-бүлө коомдун негизин түзүп, коомдук институт болгону менен, ал жалаң гана коомдук жөнгө салуу механизмдери аркылуу эмес, мамлекет тарабынан санкцияланган укуктук механизмдер менен да жөнгө салынууга тийиш. Себеби үй-бүлө мүчөлөрү жана жалпы үй-бүлөлүк мамилелердин катышуучулары абстрактуу объекттер эмес, алар конкреттүү адамдар (жарандар, жарандыгы жок адамдар, чет элдик жарандар), андан барып – укуктук субъекттер, алар үй-бүлөлүк мамилелерде өз ара жана мамлекет менен укуктук байланышта болот, өздөрүнүн жеке же жалпы укуктарын жана кызыкчылыктарын ишке ашырууда мамлекет, анын органдары жана кызмат адамдары менен мамиледе болушат. Албетте, бул мамилелер укуктук жөнгө салынууга жатат.

КНУ им. Ж. Баласагына
Юридический
Входящий № 29/2
«20» 01 2025г.

Жарандык коомду калыптандырууда жана демократиянын иштешинде пайда болгон көйгөйлөрдүн себептерин ачуу менен үй-бүлөлүк укуктук мамилелерди жөнгө салуудагы жеке кызыкчылыктар менен коомдук кызыкчылыктардын айкалышы мүнөздөлүп, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуудагы конституциялык принциптердин мааниси жана орду аныкталгандыгында, ошондой эле үй-бүлө мамилелерин жөнгө салуу принциптеринин катарын үй-бүлөлүк баалуулуктарды, наркты жана салтты сактоо принцибин бекитүү менен кеңейтүү боюнча орундуу сунуштарды берген.

**2. "Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө жобо" диссертацияларына коюлган талаптардын алкагындагы илимий жыйынтыктар**

**1-натыйжа.** Изденүүчү үй-бүлөлүк укутарды камсыз кылган конституциялык-укуктук актылардын түрлөрүн аныктап, алардын артыкчылыктарын жана кемчилдиктерин талкуулаган. Ошондой эле бир катар юрист окумуштуулардын көз караштарына салыштыруу жүргүзгөн.

**2-натыйжа.** Изденүүчү үй-бүлөлүк укукту жөнгө салган принциптерге жана тиешелүү мыйзамдын главасына, ар бир беренелерине токтолуп, жалпы мүнөздөмө берип, алардын маанисин мазмунун түшүндүрүп жыйынтыгында бул мыйзамдардын негизин принциптер менен ченемдер түзөт деген тыянак келген. Ошондой эле, айрым мыйзам ченемдерине жаны глава кабыл алынуусу керек экендигин сунуштаган.

**3-натыйжа.** Изденүүчү диссертациялык ишинин объектисин, предметин аларды изилдөөнүн теориялык жана практикалык ыкмаларына кеңири талдоо жүргүзгөн.

**4-натыйжа.** Үй-бүлө укук түшүнүгүнүн конституциялык-укуктук маанисин ачууда анын калыптануусунун тарыхына кайрылган. Ошондой эле, үй-бүлө укук мамилеринин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери, мыйзамдуу кызыкчылыктары аталган укуктук тармактын өзөгүн түзгөндүктөн, үй-бүлөнү социалдык-куктук жактан камсыздоонун жана коргоонун артыкчылыктуу шарттарын көрсөткөн. Ал: Кыргыз Республикасынын Конституциясына коомдун табигый жана негизги уюткусу катары үй-бүлөнүн ролун бекемдеген жобону Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренесин жаңы 4-бөлүк менен төмөнкүдөй редакцияда баяндоо менен киргизүү зарыл: “Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш” деп эсептеген.

**5-натыйжа.** Үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук жөнгө салууда жетишсиздиктер бар экендигин аныктаган б. а. зарыл жоболордун жоктугун белгилейт жана сунуш жасаган. Алсак, Баш мыйзамдын 19-беренесине жаңы 4-бөлүктү киргизүүнү сунуштайт: “Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш”, бул бөлүктү киргизүү менен үй-бүлө коомдун табигый жана негизги уюткусу катары ордун бекемдеген сунуштун негиздүүлүгүн ачып берген.

**6-натыйжа.** Изденүүчү үй-бүлө укугундагы жоопкерчилик институтун изилдеп жатып “Үй-бүлөлүк укуктагы жоопкерчилик” менен “үй-бүлөлүк-укуктук жоопкерчилик” түшүнүктөрүнүн бирдей эместигин, анын тарыхый калыптанышын, түптөлүшүн караган жана үй-бүлөнүн укуктук жоопкерчилигинин негизги максаттарын атап өткөн.

**3. Изденүүчүнүн диссертацияда түзүлгөн тыянактары, корутундулары жана ар бир илимий натыйжанын (илимий абалдын) негиздүүлүк менен аныктыктоо даражасынын жетиштүү негизделгени.**

**1-натыйжа.** Илимий көз караштa талданып, анын жаңылыгы аныкталып, жетиштүү негизделген.

**2-натыйжа.** изденүүчү илимий изилдөө ишинде Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү кодексине жаңы бап балдарды руханий маданий жактан тарбиялоо жөнүндө кабыл алып, анда балдарды адептүү, адилеттүү болуу мамилелерин жөнгө салган укуктук ченемдер каралуусу зарыл экендигин жетиштүү негиздеп берген.

**3-натыйжа.** изилдөөнүн методологиясы коомдук жана укуктук кубулуштарды таануунун жалпы илимий ыкмалары менен бирге жеке илимий ыкмаларды комплекстүү колдонуп жетиштүү негизделген.

**4-натыйжа.** КРнын Конституциянын 19-беренесине 4-бөлүмдү кирзизүүгө сунушталган “жарандардын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түүзүүгө тийиш” деген түшүнүк киргизүү сунушун жетиштүү анкытап негиздеген.

**5-натыйжа.** КРнын Баш мыйзамдын 19-беренесине жаңы 4-бөлүмүнө: “Мамлекеттин социалдык ишмердиги мамлекеттик камкордук формасына ээ эмес, бирок мыйзамда белгиленген тартипте ар бир жарандын жана үй-бүлөнүн бакубаттуулугу үчүн жагымдуу экономикалык чөйрөнү түзүүгө тийиш” деген ченемди киргизүү жетиштүү негизделген.

**6-натыйжа.** Үй-бүлөнүн укуктук жоопкерчилигинин функцияларын комплекстүү ишке ашыруу гана үй-бүлө менен никенин гармониялуу өнүгүшүн камсыз кылат. Ал комплекстүү функциялар үй-бүлөлүк укук

мамилелеринин конкреттүү субъектилеринин бузулган үй-бүлөлүк укуктарын калыбына келтирбестен, жетишилген натыйжаны *"бекитүүгө"* жардам берет жана калыбына келтирилген, *«жакшыртылган»* үй-бүлөлүк укуктук мамилелердин мындан аркы иштешин улантууга багытталгандыгын жетиштүү негиздеген.

**4. Изденүүчүнүн диссертацияда баяндалган тыянактары, корутундулары жана ар бир илимий натыйжанын (илимий абалдын) жаңылык даражасы.**

**1-натыйжа.** Жетиштүү түрдө негизделген, илимий көз караштa талданып, анын жаңылыгы аныкталды.

**2-натыйжа.** Үй-бүлөлүк укукту жөнгө салган мыйзамдарга талдоо жүргүзүүдө автор тарабынан Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү кодексине балдарды руханий маданий жактан тарбиялоо тууралуу глава киргизүүнү сунуштаган.

**3-натыйжа.** Үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууда конституциялык – укуктук маанисин, алардын укуктук идеялык башатын конституциялык принциптер түзөөрү аныкталган жана алар автор тарабынан үч негизги блокко бириктирилип каралган.

**4-натыйжа.** Үй-бүлө укугунун түшүнүгүн изилдөөдө анын конституциялык – укуктук маанисине токтолуу менен үй-бүлө укуктук мамилелер коомдун өнүгүүсүнүн негизги багыттарынын бири катары негизделген.

**5-натыйжа.** Изилдөөнүн негизинде азыркы учурдагы үй-бүлөлүк - укуктук жөнгө салууну коргоодо пайда болгон бир катар маселелерге талдоо жүргүзүү менен автор Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренесин 4-бөлүк менен толуктоо киргизүү сунушу жетиштүү негизделген.

**6-натыйжа.** Үй-бүлөнүн укуктук жоопкерчилик маселелерин изилдөө менен автор анын негизги максаттарын үч топко бөлүү керектигин илимий жактан жетиштүү деңгээлде аныктаган.

**5. Алынган натыйжаларды баалоо.**

Диссертациялык иш илимий жана практикалык жактан негиздүү аныкталган жана талданган жыйынтыктар, каралган көйгөйлөр, берилген сунуштарды колдонууга алууга болот. Изденүүчү шайлоонун жалпы теориясын, ошондой эле Конституциялык, Үй-бүлө кодекси, ошондой эле башка тармактар боюнча адабияттарга кылдат талдоо жүргүзгөн. Изилдөөнүн натыйжалары ишенимдүү, эмгекте маалыматтар кеңири колдонулган. Изилдөөнүн максаттары менен милдеттери тыгыз байланышта болуп, так

структурасы каралган, теориялык пункттарга негизделген маанилүү практикалык көрсөтмөлөр менен аяктаган илимий изилдөө.

**6. Диссертацияда баяндалган жыйынтыктарды алууга автордун конкреттүү жеке катышуусу**

Изденүүчү берен сунуштар негиздүү деп таанылды, себеби ар-бир тыянактары аргументтештирилип берилген. Ошондой эле Багдагүл Мамашарип кызынын диссертациясынын коргоого алып чыгуучу тыянактары менен жоболорун иштеп чыгууда колдонулган материалдары ар түрдүүлүгү менен өзгөчөлөндү. Иште жүргүзүлгөн талдоолордун баары илимий жаңылыктын талаптарына жооп берген жана жогорку теориялык деңгээли менен айырмаланган, изилдөөчүнү өз алдынча изилдөө жүргүзүүсүнө мүмкүндүк берди.

**7. Алынган натыйжалардын тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык маселелерди чечүүгө багытталышы**

Диссертацияда берилген негизги тыянактар, сунуштар үй-бүлөлүк укуктук мамилелерди эффективдүү укуктук жөнгө салууну издөөгө жана бүтүндөй коомдук мамилелерди жакшыртууга багытталган.

**8. Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы**

Диссертацияда берилген сунуштар, жыйынтыктар, талдоо иштери Б. Мамашарип кызынын жарыяланган макалаларында чагылдырылган экен:

1. **Мамашарип кызы Б.** Бала (уул же кыз) асырап алуу. [Текст] Мамашарип кызы Б. // Известия вузов (Кыргызстана). – 2012, № 4. С 91-94. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=36685024
2. **Мамашарип кызы Б.,** Айтматова У.А. Роль принципов (основных начал) семейного права в формировании системы семейного права. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2014, № 2. С 143-145. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=24846815
3. **Мамашарип кызы Б**. Жашы жете элек балдардын өздүк мүлктүк эмес укуктары. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2014, № 9. С 74-75. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=24908188
4. **Мамашарип кызы Б**. Үй-бүлө укугунун түшүнүгү. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2014, № 9. С 76-77. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=24908189
5. **Мамашарип кызы Б.**, Пратова А.К. Үй-бүлө укугунун башка укук системаларынын ичиндеги орду жана ролу, жарандык укуктун бир тармагы

катары. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2016, № 12. С 142-143. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=28310228

6. **Мамашарип кызы Б.** Баланын калыптанышына үй-бүлөнүн таасири. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2018, № 12. С 47-49. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=41212707

7. **Мамашарип кызы Б.** Үй-бүлөлүк - укуктук макулдашууларды келишимдик жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү. [Текст] Мамашарип кызы Б.// Известия вузов (Кыргызстана). – 2020, № 4. С 69-72. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46223399

8. **Мамашарип кызы Б.** Бүтүм түзүүдө жубайлардын макулдугу. [Текст] Мамашарип кызы Б. // Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. – 2021. № 6 С 112-114. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47219576

9. **Мамашарип кызы Б.** Субъекты семейных правоотношений. [Текст] Мамашарип кызы Б. // Рецензируемый научный журнал «Тенденции развития науки и образования» №84, Апрель 2022 (Часть 5) С 120-123. Режим доступа: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48496944

10. **Мамашарип кызы Б.** Эволюция конституционного закрепления института семьи в период независимости Кыргызстана. [Текст] Мамашарип кызы Б. // Оригинальные исследования (ОРИС) 2022 №4. https://elibrary.ru/item.asp?id=48546824

**9. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна дал келет. Авторефераттын резюмеси бири-бирине дал келип кыргыз, орус жана англис тилдеринде бар.

**10. Диссертациялык иште жана авторефератта кездешкен мүчүлүштүктөр.**

1. Үй-бүлө маселесине кайрылып жаткандан кийин, азыркы учурда кыргыз коомчулугунда жаралып жаткандан кийин, азыркы учурда кыргыз коомчулугунда болуп жаткан көйгөйлөрдүн бири-улгайган адамдардын укуктарын коргоо жана камсыз кылуу. Изденүүчүгө улгайган адамдарды кылмыштуулуктан, зомбулуктан жана таш боор мамилелерден коргоо маселесине да көңүл бөлүүсүн сунуштайм. Бул маселе илимий ишти андан ары өркүндөтүүгө абдан маанилүү болмок.

2. Авторефераттардын кыргыз тилинде жазылган варианттары менен расмий тилдеги варианттарында айырмачылыктар бар, аларды карап чыгуу зарыл.

**11. КРнын Президентине караштуу УАКтын “окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө жободо" коюлган талаптарына диссертациянын шайкештиги.**

Жалпысынан алганда Мамашарип кызы Багдагүлдүн илимий изилдөө иши 12.00.02 – конституциялык укук, муниципилдык укук адистигине ылайык келип, КР УАКтын талаптарына жооп берет ал эми изденүүчү юридикалык илимдердин кандидаты даражасына татыктуу.

**Оппонент:**
**юридика илимдеринин доктору,**
**Токтогулова Алмаз Асылбекович**